**КЫРГЫЗ-ТҮРК**
**“МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

30 Жыл Yıl

**KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE**
**MANAS ÜNİVERSİTESİ**

КЫРГЫЗ НАЦ УНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 1166
« 19 » 06 2026 г.

____________ № ____________

Жусуп Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университетине

Кыргыз-Түрк «Манас» университети Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын биргелешкен демилгеси менен түзүлгөн, билим берүү, илимий изилдөө жана коомго кызмат көрсөтүү багыттарында эл аралык стандарттарга ылайык иш алып барган кадыр-барктуу жогорку окуу жайлардын бири болуп саналат. Университетибиз дүйнөдөгү алдыңкы жогорку билим берүү рейтингдик уюмдарынын бири болгон QS дүйнөлүк университеттер рейтингинде алдыңкы 1000 университеттин катарына кирип, аймактык жана эл аралык деңгээлдеги академиялык жетишкендиктерин үзгүлтүксүз өркүндөтүп келет. Заманбап билим берүү инфраструктурасы, күчтүү профессордук-окутуучулук курамы жана эл аралык кызматташтыктары аркылуу студенттерге сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн университетибиз бакалавриат, магистратура жана (PhD) докторантура деңгээлдеринде ар түрдүү багыттар боюнча акысыз билим берүү программаларын сунуштайт.

Бул багытта университетибизде 2026–2027-окуу жылына карата магистратура жана (PhD) докторантура программаларына кабыл алуу башталгандыгын маалымдайбыз. Тагыраак айтканда, 21 магистратура жана 14 (PhD) базалык докторантура программасына студенттер кабыл алынат. **Документтерди кабыл алуу мөөнөтү 2026-жылдын 10-июлуна чейин уланат.** Кабыл алуу шарттары, квоталар жана башка маалыматтарды камтыган кулактандыруу тиркемеде сунушталат.

Аталган маалыматты мекемеңизде эмгектенген кызматкерлерге жана жогорку окуу жайдан кийинки билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнө кызыкдар болгон тараптарга жеткирүүңүздөрдү өтүнөбүз.

Кызматташтыгыңыздар жана колдооңуздар үчүн ыраазычылык билдирип, ишиңиздерге ийгиликтерди каалайбыз.

Тиркеме: 2026–2027-окуу жылына карата магистратура жана докторантура программаларына кабыл алуу боюнча кулактандыруу

Урматтоо менен,


Проректор Камалбек Карымшаков

K - Q TSE-ISO-EN 9000

# Кыргыз-Түрк «Манас» университети

## 2026-2027-ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН МАГИСТРАТУРА ЖАНА ДОКТОРАНТУРА (PhD) ПРОГРАММАЛАРЫНА СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ КОНКУРСУН ЖАРЫЯЛАЙТ

**Документерди кабыл алуу: 1-июнь - 10-июль 2026-жыл**



- Акысыз билим берүү
- Академиялык жетишкендик үчүн стипендиялар
- Заманбап инфраструктура

*Университеттен да артык*

Документтерди тапшыруу үчүн шилтеме
info.manas.edu.kg/sinav

Кошумча маалымат үчүн
+996999775566
lee.manas.edu.kg